Жобо №1 А.Орозбеков атындагы орто мектебинин 28-август 2021-ж педагогикалык кеңешмеде талкууланып, бекитилди.

Макулдашылды:
А .Орозбеков атындагы орто мектебинин
Кесиптик бирлигинин төрайымы:
Р. Боркошева.

Бекитемин:
А. Орозбеков орто мектебинин
директору: Я. Атабеков.

## А. Орозбеков атындагы орто мектебинде физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүү жөнүндө жобо .

Бул жобо Жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы №295 токтомуна, Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 31 –июлундагы №298/1 буйругуна жана Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун стандарттарынын топтомуна негиз түзүлдү.

### 1.Жалпы жоболор

1.1.Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу, коопсуздукту аныктоо, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларын өз ара мамилелерин баалоо, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн мектептин коопсуздугу боюнча кеңеш иш жүргүзөт(мындан ары Кеңеш)

### 2. Кеңештин максаты жана милдеттери

2.1. Кеңештин максаты –билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыздоого көмөктөшүү;

2.2.Кеңештин милдеттери:

1. Мектеп жетекчилиги менен биргеликте мектептин коопсуздугун жакшыртуу максатында иш мерчемдерди пландоо

2.Кызыктар тараптардын билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу боюнча ой пикирлерин кабыл алуу жана туура чечим чыгаруу

3.Кеңештин ишинин жыйынтыктарын билим берүү процесинин катышуучуларына, кызыктар тараптарга маалымат берүү (мектеп жетекчилигинин макулдугу менен)

4.Кеңеш жалпы билим берүү уюмунун имараттарын тиешелүү техникалык , санитардык, өрткө каршы , экологиялык жана архитектуралык –эстетикалык абалын баалайт, контролдойт, байкоо жана мониторинг жүргүзөт.

5. Окуу жабдуулары, спорттук жабдуулар окуучулардын бою –жашынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык келишин аныктайт, баалайт жана мониторинг жүргүзөт .

6. Билим берүү процессинин катышуучуларынын зордук-зомбулуксуз жүрум – турумун , дискриминациялык эмес, толеранттуу чөйрөнү баалайт, контролдойт, байкоо жана мониторинг жүргүзүп турат.

7. Мектеп жетекчилиги, мугалимдер, ата-энелер жана окуучулардан анкета алат.

8. Окуу жылында кеминде 3 жолу чогулуш өткөрөт.

**3. Кеңештин курамын түзүү**

3.1. Кеңеш көз карандысыз , коллегиялуу, туруктуу орган.

3.2.Кеңештин курамы мектептин жалпы чогулушунда 2 жылга шайланат.15 адамдан түзүлөт. Курамына мектеп жетекчилиги , соцпедагог, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, мугалимдер, ИДН, жогорку класстын окуучулары , ата-энелер кире алат.

3.3. Кеңеш өз каалоосу менен же мектептин жалпы чогулушунда мөөнөтүнө жетпей таратылышы мүмкүн.